***Т.Садыков**, проф.,*
***С.Абакирова**, БГУ*

«МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ «ЖАҢЖАЛ» КОНЦЕПТИ ЖӨНҮНДӨ

«Манас» эпосу – маани-мазмуну жана эл турмушунан алган орду жактан кыргыздардын улуттук сыймыгы, үч миң жылдан берки ата-бабаларыбыздын тарыхый тажрыйбасы, рухий көрөңгө-табылгалары, баштан кечирген орошонокуялары жөнүндөгү эбегейсиз маалыматтардын алтын казынасы катары ыйык тутунуп, укумдан-тукумга дамамат өткөрүп, улам толуктап, тактап, байытып келаткан элибиздин улуу мурасы.

Жанрдык белгилери боюнча «Манас» – баатырдык эпос. Бирок анын мазмуну камтыган чек, берген маалыматтарынын көлөмү баатырдык эпостун демейки салттык алкагы менен гана чектелип калбайт, андан алда канча терең жана масштабдуу. Анткени эпостун башкы темасы, өзөктүк идеясы, сюжеттик негизи элдин көз карандысыз эркиндиги үчүн болгон күрөш, кол салган душмандарга каршы кан төгүлгөн салгылаштардагы эрдик ишин даңазалоо, элдин эрдигин, би-

римдигин, ордолуу журттун очогун өчүрбөгөн баатырлардын каармандыгын идеялизациялоо, аларды элдик идеал катары көрсөтүү, алардын таалим-тарбиялык маанисин ачуу болуп саналат. Ушул максаттарга ылайык эпостун мазмунунда түпкү теги турмуштун өзүнөн, эл башынан өткөргөн жана өткөрүп жаткан чындык көрүнүштөрүнө таянган, ошол чындыктан алынып, жалпылаштырылуу аркылуу көркөм боёк менен курчалып, элестүү көрүнүшкө айландырылган түрдүү мүнөздөгү чоң жана чакан ар кандай окуяларды ыр түрүндө жомоктотуп айтып берүүгө кеңири орун берилген.[1:136].

Натыйжада эпос өз мазмунунда маалымдаган кыргыз турмушунун көбү чыгарманын жанрдык белгисинин талабына ылайык жаңжалда өтөт, башкача айтканда согуштарда өтөт. Ал жаңжалдын түрлөрү көп: баскынчыларга каршы күрөш (кытай кандары Алооке, Коңурбай ж.б.ларга каршы согуштар), малдын жайыты, жашоого ыңгайлуу жер үчүн коңшу уруулар арасындагы чырдашуулар, аягы ырбап кетип кандуу кармаштарга айлангансалгылашуулар (манжу, алтай калмактары менен согуштар, Нескара, Нуукер дөө менен кармаштар), ата-бабанын туулуп өскөн жерин, мекенди бошотуу, көз карандылыктан кутулуу, эркиндикке чыгуу үчүн жүргүзүлгөн согуш-кармаштар. Шоорук кан менен согушу. Коркунучтуу жоодон кутулуу үчүн анын алдын алуу (Чоң казат) кордук көрүп жабыр тарткандарга, тектеш, уруулаш тууган элдерге жардам берүү.

Чыгармада каармандарды сыпаттап мүнөздөөдө да негизинен алардын баатырдык белгилерине, эрдик сапаттарына басым коюлат. Эпостун мазмуну боюнча алганда элдин жашоосу жалпысынан баатырдык доордо – согуштук демократия деп аталуучу мезгилде өтөт, ушундай кырдаалдан улам алардын өмүр-турмушу майда окуялары менен эриш-аркак биримдикте сүрөттөлөт. Эл-жерди коргоо, согушка катышуу ар бир эр-азаматтын милдети катары көрсөтүлөт. Ошону менен бирге эле негизинен согуштук окуяларды баяндаган бөлүмдөрдө да кандуу кагылыштар арасында көптөгөн жай турмушка тиешелүү үрп-адаттык, салттык жосундар, маалыматтар берилүү кеңири мүнөзгө ээ. Эпостогу жай турмуш белгилерин, ага байланышкан үрп-адаттык жосундарды сүрөттөгөн эпизод-окуялар элдин жашоо-тиричилигиндеги ар кыл көрүнүштөрдү толугу менeнкамтып, маани-жайын чечмелеп, майда белгилерине чейин токтолуп баяндалат. Кыргыз элинин жашоо-турмушунун бардык жагы: эмнелерди башынан кечиргени, тарыхый шарты, дос-туугандык мамилеси, душман жайы, согуштук өнөрү, тиричилик ыңгайынын кандай болгону, турмуштук тажрыйбасы, ишеними жана башка жалпылоолорго алынат.

«Манастын» сюжеттик курулушунун тутумуна кирген окуяларды согуштук аракеттер жанажай турмуш көрүнүштөрү деп бөлүү, чынында, шарттуу белги. Эпостун мазмуну эл абалын реалдуу чындыкка алда канча жакын чагылдыргандыктан эки учур-согуш менен жай турмуш аралаш сүрөттөлөт, башкача айтканда жоого каршы күрөш жүрүп жатканда жашоонун бардык башка белгилери токтоп калбайт, же ошондой эле капсалаң-дүрбөлөңдөн эч кабар жок жатканда капыстан согуш башталышы да мүмкүн, кээде жашоонун бул эки көрүнүшү биринен бирине өтүп, алмашып, ал турмак аралаш деп айтарлык мүнөздө чагылдырылган учурлары өтө көп жолугат. Бул абал эл чыгармасынын калк турмушунун өзүнөн алынып, аны чындыкка жакын чагылдыруусу менен шарттaшкан. [1:137].

Алтайга айдалып барып, эгин айдап, алтын-күмүштүн кенин казып, калмактарга малай жүрүп жан сакташкан кыргыздардын арасындагы Ногойдун кенже уулу Жакып Бөйөн, Чаян дегендерге малай жүрүп, иши жаккандыктан, Чаян кызы Бакдөөлөттү токолдукка берет. Жакып ага чейин аталаш агасы Чыйырдынын жесири Шакан аттуу жеңесин алган экен. Бөйөн, Чаяндын көзү өткөн соң Жакып эсепсиз байыйт. Жашы элүүгө чукулдап, бирок эки аялынан бир да перзент көрбөй, көзүм өтсө мынча көп мал-мүлк кимге калат деп, убайым тартып, бала тилеп, кудайга зар айтып, мазар тайып, жер кыдырып жүрөт. Акыры Жакып жанаанын аялдары жышааналуу түш көрүшүп, ошондон кийин өлгөн күйөөсүнүн аты менен Чыйырды аталып кеткен Шакандын боюна бүтүп, ал жолборстун жүрөгүн күсөйт. Калмактын Кара аттуу мергени аткан жолборстун жүрөгүн алдырып жеп, талгагы канган Чыйырдынын ай-күнү жетип, тогуз күнү толготуп жатып эркек бала төрөйт. Бала төрөлгөн учурда Жакыптын жылкысындагы жорго боз айгырдын үйүрүнөн эркек кулун туулуп, аны Жакып ырым кылып баласына арнайт. Балалуу болгонуна кубанган Жакып чоң той берип, балага Манас деген ат коюлат. Бай Жакып баласын коргоо үчүн атын жашырып Чоң жинди деп койот. Манас жашынан өзгөчө тентек чыгып, ал тогузга келгенде катыксын, бар-жокту билип түшүнсүн үчүн ата-энеси козу кайтарт деп өз койчусу Ошпурга малайлыкка беришет. Козу кайтарып жүргөн Манаска кырк чилтен келип жолугуп, башыңа кыйындык иш түшсө жардам беребиз деп, убада кылышат. Ошпурдукунан баласын алып кеткени келген Жакып Манасты ээрчитип үйүнө бара жаткан жолдо жер коруган калмактар жолугуп, жылкыларың корук жерге кирип кетиптир дешип чыр чыгарып, чатакта атасын тегеректеп алып сабап жатышкан калмактардын бирин Манас укурук менен чапса ал өлүп калат. Манжулук калмактар кун алабыз деп туш-тушка кабар айттырышып, чогулуп келген көп кол Жакыптын жылкысына тийишет. Жакыпка ошол чөйрөдөгү кыргыздар, казактар жана башка урyy, эл өкүлдөрү жардамга келишип, согушта калмактар жеңилет, жоого жеке кирип кол салган жаш Манас биринчи жолу эрдик көрсөтүп, оозго алынат. Манастан жеңилген алтайлык калмактар кытайлардын башкы каны Эсенкандан тартып туш-туштагы өз тарапкерлерине буруттардын арасынан Манас аттуу тың бала чыгыптыр, тез жоготуу керек деп кабар жиберишет. Манастын даңкын угуп көп колу менeнкелген Нескара, тың чыккан баланы байлап келгиле деп он бир дуу-ду атанышкан уйгур кандары жиберишкен он бир чыгаан балбан жаш баатыр жанаанын тарапкерлеринен жеңилишет. Манас ошондой эле Эсенкандын соодагер түрүндө жиберген атайын адамдарын жеңип, алар алып жүргөн көп дүнүйөлөрүн элге таратып берет.Жакып менeнкоңшу жашаган, уулу Манастын жакшылыгын көрүп, ымаласын кошкон ошол аймактагы кең Алтайдын оютоосун байырлаган кыргыз, казак, калмак, манжу элдеринин көптөгөн урyy өкүлдөрү чогулушуп, жообуз көбөйүп, айланабыздагы кытайлардын далайы менен касташып калдык, эндекей жатыш болбойт, биримдешип, кандуу журт бололу дешип, жаштардын сунушу бойунча Манасты кан көтөрүшөт [1:138].

Кытайлардын Анжиянды бийлеп турган белгилүү чоң кандарынын бири, Коңурбай баатырдын атасы Алооке кыргыздарды кыйратып чаап, Манастын көзүн

тазалоо үчүн көп кол жыйып камданат. Анын кабарын уккан Манас артынан арбын черүү ээрчитпей кырк чоросу менен гана аттанып, согушка камданып котолоп жаткан душмандын сансыз колун аралап өтүп, Алоокенин ордосуна баса барат. Сынчы, кыраакы, кыйды Алооке жаш баатырдын айбат-сүрүн көрүп, алы жетпесине көзү жетип, урушсуз багынганын билдирет. Ак үйлүү кылып өз уулу Боокени, агасынын уулу Ыбышты Манаска кошуп берет. Оогандын каны Шоорук жаңыдан көчүп келген кыргыздарды чаап алмак болуп колу менен аттанып, Алайга жайгашкан нойгуттарды четинен талап кирет. Акбалтадан кабар уккан Манас шашылыш аттанып, согушта жеңилген Шоорук амандык сурап жарашып, кызы Акылайды баш кылып кырк кыз тартуу тартат. Акылай өзү көптүн ичинен тандап келип Манаска тиет.

”Манастын” сюжеттик өзөгүнүн негизин түзгөн жана баш каармандын баатырдык жүрүштөрүндө түйүндүү окуяларга катышып, өздөрүнүн каармандык эрдиктерин көрсөткөн негизги каармандарга байланыштуу окуялар да сюжеттин өнүгүшүнө, татаалданышына зор салымдарын кошот. Каармандардын өз ара мамилелеринен келип чыккан ар кандай кырдаалдар улам бир жаңы окуяны пайда кылат да, сюжеттин мазмуну жаңырып отурат. Алсак, Алмамбет менен Көкчөнүн ортосундагы араздашуу [2:320].

Эпосто Алмамбеттин окуясы деген шарттуу аталыштагы анын Манаска келишине чейинки өмүр жолун баяндаган өзүнчө чоң бөлүм берилген. Анда бул каармандын тегинен тартып, туулушу, балалык чагы, качан, кантип Манаска келип кошулганы деталдаштырылып, кеңири сүрөттөлөт. Алмамбеттин атасы Соорондук, ал бүткүл кытай аскерлерин башкарган өзгөчө чоң даражалуу адамдардын бири. Соорондук узак убак баласыз жүрүп, Алмамбетти көрөт. Жашынан зээндүү, терең акылга ээ Алмамбет сергектиги менен өзүн окуткан мугалимдерин да таң калтырып, эрте жетилет. Ашкере акылдуу жана өзгөчө калыс катары калың журтка атагы чыга баштаган баласына атасы анын жаш экенине карабай кандык ордун, бүткүл кытай аскерлеринин башчысы мансабын өткөрүп берет. Мындай жоопту кызматтарды аткарууда ал өзүн адилет, калыс акылман жана чечкиндүү башчы катары көргөзөт. Алмамбеттин даңкы башка элдерге жетет. Ээрчиткен жигиттери менен ууда жүргөн Алмамбет казактардын баатыры Көкчөгө жолугуп, андан мусулманчылыктын жолун угат да, ислам динин кабыл алат. Үйүнө кайтып, ата-энесине, элине ислам дининин жолун түшүндүрүп, мусулман болгула деп өтүнөт. Эне-атасы да, эли да тилин албайт, атасы ата динден безиптир, муну кармап өлтүргүлө деп буйрук берет.

Элинен качып чыккан Алмамбет аны күтүп жаткан Көкчөгө келип кошулуп, аны ээрчип казактарга барып туруп калат. Марттыгы, калыс-адилеттиги, терең акылы менен элге бат алынып, кадыр-баркы өсөт. Ошентип, Алмамбет оозго алынып кетти. Эр Көкчө быякта калды. Арызданганда Алмамбетке келет, кошоматчысы да Алмамбетке келет, акы сураганы да Алмамбет, кыйшык, карап кычыраганы да Алмамбет. Арага бузуку кирет. Алмамбеттин айдап келгенин жеп семирген казактар ага да тойбойт. Аны көрө албаган Көкчөнүн жигиттери Агеркеч менен Алмамбеттин көңүл жакындыгы бар деген жалган ушак чыгарышып, ушакты айтыш үчүн Көкчөнүн өз тоголу Бидайкүлдү көндүрүшөт, Бидайкүл Көкчөгө ишендире айтат, Көкчө ишенбей Бидайкүлдү каргантат, ант бердирет. Көкчөнүн жигиттери, ала көөдөн Көкчөнү аракка мас кылып көкүтүшөт [1:139].

Көрө албай жүргөн көөсөлөр, бата албай жүргөн байкуштар, өтө албай жүргөн өксүктөр, жете албай жүргөн жезиттер тилдеринен уу чачып, Алмамбетке өчөгүштүгүн тыйбай койушат. Көкчө баатыр канчалык алакөөдөк болсо да, акылдуу жан болот, этек алдынан чыккан чаңдай бул сөздү басайын деп, ушактын аныгына чыгайын деп, эл билген бекзада, төрөзада аттууларын чакыртып, даамамат Агеркечтин өргөөсүндө өтчү жыйналыш ордун тоголу Бидайкүлдүн ак отоосуна которуп элдин башын кошот. Көкчө өзү баштап, ар-намыстуу, акылдуу дегендин алтымышын чогултат. Кымыздан тарткан аракка күчаладан кошуп ачыткан, бирден алып ийишкен соң бардыгы сөзгө киришет [3:219].

Көкчө сөз баштайт:

- Кана, айткылачы аныгын! Менин катыным Агеркеч кытайдан каңкып келген кул менен көңүлдөш деген сөз чыкты. Менин көңүлүм ооруйт дебегиле, ачыгын айткыла! Арамдыгы чын болсо, ал кулду азыр кармап сойолу, адалдыгы чын болсо апсана сөздү койолу!

Ар-намыстуу, акылдуу деген алтымышынын оозунан сөз чыкпай селейишип отуруп калышат.

- Карабашыл, кош аяк алтымыш эр экенбиз. Арабызда жалгыз ургаачы Бидайкүл жеңеден сурайлычы? - деп ар-намыстуу, акылдуу алтымышынын бири айтат.

- Бузук да болсо байбичең менден жакшы. Күңү болсом да кептин чыны жакшы. Байбичең менен Алмамбеттин жакындыгына күбө өтө алам.

- Жарайсың, жеңе! - деп туш-туштан бакырып калышат.

Көкчө кара көк болуп түтөп отуруп калат. Бидайкүл сулуу да болсо акылы кем экенин билээр эле. Бирок эл көзүнчө минтип кашкая айтканына жаны да кашайды, жаалы да келди. Бидайкүл болсо тиги бектердин тилине жөн эле кире берчү келесоо катын эмес да. Анын өз оюу бар: чыгаан катын деген атка конуп, байбиче болуп башкарып, эл алдында Агеркеч жаркылдап жалгыз өзү жүргөнүнө ичи күйөт, өзү көлөкөдө калганына ичи күйөт, кезеги келсе күлдөбөгө тебелетсем деп, көптөн бери кекенип жүрөт. Анан дагы Алмамбет келгени жүрөгүнүн асты тызылдап, келбети келишкен баатырды көргөн жерде бүткөн бою балкып ысып турчу болгон. Оюнда, эптеп Алмамбетти кубалатып, өзү кошо ээрчий кетсем, ушу баатырга байбиче болуп берсем дегенде ак эткенден так этет. Болбосо айда-жылда бир түнөгөн Көкчөдөн эмне деп?! Мына ошон үчүн айтканы оңунан чыгарын билип, алтымыш акылмандын колдоосунда турганына бел байлап, кашкая сүйлөгөнү.

- Туз урган кулду алып кел! – деп бакырды ачуу менен аракка уугуп отурган Көкчө.

- Чыйырдан чыккан кулду мен жайлайм! – деп бакырды бири.

- Иттин да ээси болот гой. Мунун сурап алар ээси жок! Не кылсак өзүбүз билебиз гой! – деп чаңырды бири.

- Канжардын курчун алгыла! Баарың бирден сайгыла! –деп айкырды бири.

- Арам кулду азыр сойбосом алганым тул калсын! – деп күшүлдөдү эр Көкчө.

Ошентип ажылдашып, арактан дагы алышып, баары курмандык кулга бата кылып ийишти.

Эки жасоол чакырып барганда Алмамбеттин алып учту жүрөгү. “Атама душман чыкканда да ушундай

белги болду эле. Бул эмнеге?" деп ойлоп койду да, Алмамбет аттанып жөнөп берди. Бидайкүлдүн ак отоосуна жакындаганда эле ичтегилердин гүү-гүүсү угулду. "Мас го булардын баары" деп баамдады Алмамбет. Кирип барып салам берди. Башында хандык бөркү бар, баатырлык көркү бар Алмамбет киргенде, кирип салам бергенде бакылдашкан алтымышы тең алик алып орундарынан тура калышты. Жаздыкка чыканактап жаткан Көкчөнүн жини келди.

- Ой сороңду урайындар, арстан кирип келгенсип сендерге не болду?! – деп барк этти.

Баары кайра отурду. Эстерин жыйды. Алмамбет отурарга орун жок. Тик барып, Көкчөнүн сол тизесине таяна отурду. Ага жини ого бетер келди Көкчөнүн.

- Кадырлуу казак бектери! – деп баштады Көкчө. Качан келген бул калмак? Келген мейман кетпейби. Кетпей арамдык кылса кас ажалы жетпейби?!

Жаман ниет сезсе да мынчалыкка барат деп оюна келбеген Алмамбет айран азыр калды.

- Кимди айтасын? – деди.

- Сени айтам! – деп Көкчө буту менен көрсөттү.

- Көсөр сүйлөп отурган баатыр сенсиңби? Оюнуңбу, чыныңбы?! Менден арамдык көрсөң калайык журтуңа ачык айт! Ачыгын айта албасаң сөзүңдөн кайт! – деп Алмамбет да кыжыры келе баштады.

Тиги алтымышы оозгоруна кеп келбей апкарып отурушат алкайып.

- Калаба салган калкыма кайдан келген бу кытай?! – деп Көкчө Алмамбет менен сүйлөшпөй бектерине карай айтып турду. – Эл-жеринен кече качкан бу кызыталык неге менин казагыма кысталат?! Кет десеңер болбойбу!

Алмамбет ордунан ыргып турду. Кайрыла берип Көкчөнү зекиди:

- Эр Көкчө деп жүрсөм көңдөй терек экенсиң! Менин эл-жерден безген жөнүм бар. Казатка чыгар касым бар, сапарга жүрөр салтым бар!.

Алмамбет сүйлөп турду. Көкчөнүн жаңсоосу менен казактар илгерилеп дасторконго умтулуп, арактан дагы бир жолу алып жиберишти. Чынында баары мас болуп, эрдемсип оолугуп калган чагы эле.

- Арстан жаткан жерге ит батпайт дечү эле. Ит батпаса да арстан изи менен аюу жүрүп калганбы?. – деп Көкчө мурутун жанып отурду.

- Арстан Көкчө сен болсоң лапшыйган аюу мен болсом, эгерде сенден кем болсом, кана, жекеге чыга кой! – деди Алмамбет эми чындап жаалы келип.

- Колуңдан даам сыздым, айылыңа тийбейин, бирок алиги арам сөзүң үчүн сенин каныңды отоонун үстүнө чачып кетейин! Чык!.

Алмамбет кылычын сууруп алганда алтымыш казак отоо үйдүн капшыттарына кайра тыгылды. Көкчө даабады. Ошондо да сөзгө сөлтүк болбоюн деп кыңкыранды:

- Ой-бай, жанагы кытай кеттиби?

- Мен азыр кетем! Кайыр кош. Ээн жерде кездешпейли! Келе колуңду! – деп туруп турган Алмамбет отурган Көкчөгө кол сунду. Көкчө да колун сунганда бек кармап, катуу силкти эле оң колу үзүлүп кете жаздады. Арагын алып иче албай шалдайды.

- Ой-бай казак, барсыңбы? Жайлады мени, жайлады! – деп бакырды.

Жандарынан түнүлгөн казактар капшыттан канжарларын ыргытып ура баштады. Алмамбеттин күрөөкү тонуна бир тийип, шыңгырап жерге күбүлүп түшүп жатты канжарлар. Алмамбет жаркылдатып кылычын шилтеп калганда алтымыш эрдемсинген казак капшытка кайра тыгыла качты. Алмамбет: "Кайсы бирин өлтүрүп, канын мойнума жүк кылайын. Кор болбой кете берейин" деген ой кылды да, шарт эшикке чыгып кетти. Сыртта жаалап турган калың эл жарыла берди. Алмамбет барып мамыдагы Кылжейренге үзөңгү теппей минип, кылчайбастан жүрүп кетти.

Ордодон чыга бererде дарайы көйнөгүн шуудуратып, алдынан Агеркеч чыкты суйсалып.

- Баатыр, атыңдын башын бура тур! – деп шаңк этти. – Ага-ини таарынчу, бирок ажырап кайда баручу? Ага-ини урушат, бирок кыйышпайт, эртеси кайра жарашат. Тирүү жүрсө бир жүрөт, бири өлсө бири көмүшөт. Алагөөдөк агаңдын мастыгы тараар. Бир ачууңду мага бер.

- Жеңе, мен өлүмгө башты байлап койгон жанмын. Өлүмдөн коркпойм, бирок кордукка чыдап көргөн жан эмесмин!

- Багыт алган жериң жок, баш калкалаар элиң жок, эми кайда барасың?

- Кайыптуу жерге учармын, кайың көрсөм конормун, кайышпай кайың көтөрсө, ошого жолдош болормун, - деп туюктап айтты Алмамбет.

- Көкчөдөн калса көңүлүң менин бир айткан сөзүмө кулак сал. Таалайы артык кыргыз деген эл бар, сендей баатырды батырып алар Манас деген эр бар. Тилим алсаң ошого багыт ал, баатыр! Кайыр кош, жалгыз жаның аман болсун!. – деп Агеркеч арамы жок ак пейили менен узатты. Алмамбет ар түркүн ойго кысталып, шашкелик жол жүргөн соң жаңгактуу черге бурулуп, атын тушап откозуп, өзү: "Мастыгы тараган соң, Көкчө мен кеткен багытты Агеркечтен угуп, артыман киши чаптырар" деп, кечке жатты. Эч ким издеп келбеди. Түн катып жол жүрбөйүн деп, таң атырды, дале эч ким издеп келбеди. Мына ошондо биротоло түңүлдү.

"Ит болдум, куш болдум, Көкчө кыйбайт деп жүрүп, ушул ишке туш болдум. Миң күнчүлүк бейиштен бир күнчүлүк жарык ийги. Элден-жерден буздим деп, Көкчөдөн кордук көрдүм деп, өлүп алганым эр кишиге жарашпас. Эрдиги тоодой, кеңдиги көлдөй дешет Манасты, тийсе тийип өтөйүн. Эгер ага дагы батпасам, анда а дүйнө карай кетейин" деп, Алмамбет сарсанаага батып, канаттуу учса канаты күйүп кайыккан, кулан чуркаса каткаксып дароо талыккан ээн талаа, эрме чөл менен узак сапарга түштү. Кылт этип ичер суу жок, аты кырт этип чалаар чөбү жок, Алмамбет эти болду көк жашык, каны калды бир кашык. Жамбаш сөөгү уркуюп, башын жерге салып, аргымагы Кылжейрен араң барат сүйрөлүп [3: 220-223].

Көкчөдөн тентиген качкын, калмак кул деген сыяктуу катуу сөздөр угуп, көңүлү иренжиген Алмамбет андан кетип, уу уулап талаада жүргөн Манаска кокусунан жолугат. Алмамбеттин кабарын мурда уккан Манас аны зор урмат менен тосуп алып, экөө Чыйырдынын эмчегин ээмп тууган болушат. Алмамбеттин келгенине кубанган Манас көп эл чакырып, чоң той берет. Мурдагы алган аялдары Карабөрк менен Акылай өзүнө тете жар болбой жөнсүз чыгып калганына наараазы болгон Манас атасы Жакыпка элден тандап жакшы кыз таап алып берип аталык милдеттен кутул деп доомат айтат. Уулуна ылайык кыз таппай, көп жерлерди кыдырган Жакып акыры Кыйба шаарынын каны Атемирдин кызы Санирабиганы жактырып, куда түшүп, көп калың төлөп, Манасты салтка ылайык үйлөнтөт. Кандын никейине өттү деген сөздү кыргыздар түшүнбөй калып, Санирабиганын аты Кан Никей экен деп ойлошуп, Манастын жаңы алган аялы Каны-

кей атыгат. Каныкейдин жанындагы нөкөр кырк кызга кырк чоро үйлөнөт. Алмамбет кайыптардын канынын кызы Аруукени алат [1:139].

Эсепсиз бай адам Көкөтөй кан карылыгы жетип, катуу ооруп өлөрүндө жакындарын чакырып, Түлкүнүн кызы Канышайды алганы күйөөлөп кеткен уулу Бокмурунга ал келгенде айткыла деп керээз сөздөрүн айтат. Көкөтөй керээзинде уулум Бокмурун чоң дүрбөөн кылбай эле мени жөнөкөй көмсүн, аш берем деп ат жеткен жердеги белгилүү кан, баатырларга кабар жиберип убара болбосун бирок эсепсиз көп малым, батпаган алтын-күмүшүм, өтө көп өлүү дүнүйөм калды, атанын мүлкү балага мүлк болбойт, анын өз тапканы бар, ырыскысы башка, ушуну ойлонсун, не болгон күндө да уулум мени көмөрдө иним Манас менен кеңешсин дейт.

Көкөтөйдүн көзү өтүп, кайындарынан келген Бокмурунга атасынын керээзин угузушат. Ал Манаска барып кеңеш сураса, баатыр атаң акылман адам эле, сөзүн кайманалап айткан тура. Анын кылба дегени ушундай кыл деген сөзү. Атаңды өзгөчө ардактап көм, артынан камданып туруп мурда-кийин болуп көрбөгөн чоң аш бер, дүнүйө табылат, мен сага жардамдашамын дейт. Бокмурун атасын ардак менен жайына коюп, үч жыл камданып аты белгилүү адамдарды бүт чакырып чоң аш берет. Аштын оюн-шоок салтанаттары да өзгөчө болот. Байгенин көбүн кыргыздар алышат. Ашты Кошой бийлеп, Манас башкарат. Өздөрүн Манаска тең ата эсептешкен кыргыз уруларынын бир катар кандары ал ашты эч кимге кеңешпей жеке башкарганына ичтери тарып, чыр чыгармак болушканда Кошой арага түшүп, дос-кас бүт чогулган калың топто чыр чыкканы жакшы эмес, аш тынч өтсүн, кийин өзүм Манас канкорду басып берем деп тыйып коёт. Аш тарап, бир жыл өткөндө кандар чогулуп «Кошойго убадаңыз кана?» – дешип барышса, ал «карыган адамды шылдың кылбагыла, чогулуп барып алыңар жетсе Манасты кыйрата бергиле» – деп тоготпой жатып алат. Кошой бизди алдаптыр деп кандар өзүлөрүнчө кеңешип, конокко барабыз, күт же конокко кел дешип Манаска элчилер жиберишет. Максаттары Манас келгиле десе көп адам менен барып жүдөтүп, салтты буздуң, жакшылап күтпөдүң деп шылтоолоп басмырлоо, эгер конокко келсе бирден-экиден бөлүп алып, ыза көрсөтүү эле. Кандардын элчилерине Манас туура кырк күндө көп адам менен келгиле деп жооп берет. Манастан коркуп, чочулаган кандар шашылыш камданып, ар бири өзүнө тиешелүү колун алып, айткан күнү келишет. Келген элди кырк чоронун сакалдуулары бөлүп кетип, жаштарга, ал эле эмес Манастын өзүнө да конок жетпей калат. Муну көргөн кандар Манаска алы жетпесин түшүнүшүп, эми кантер экенбиз деп убайым жеп чочулашат. Эмнеге келдиңер? деген суроого кандар ачык жооп бере албагандыктан, Манас аларга мынча көп адам жыйылып келген экенсиңер, жөн эле тарап кетпей көчмөндүү жообуз Коңурбай калчага каршы аттаналы деп сунуш кылат. Кандар каршы боло алышпайт. Колго Бакайды кан көтөрүп, Алмамбетке жол баштатып Бээжинге Чоң казатка аттанышат. Узак, татаал жол басып, кытай чегине жакындап, колду оорукка калтырып, төрт баатыр Алмамбет менен Сыргак алгач жөнөп, Манас менен Чубак алардын артынан жете барып кошулат чалгынга барышып, кытайлардын көп жылкысын тийип жөнөшөт. Артынан куугун келип, көп эл катышкан кыргындуу согушта кытайлар тарап жеңилип, алар тартуу тартып, эки эл жарашат [1:140].

Адабияттар

1. Кыргыз Адабияты. Энциклопедиялык окуу куралы. -Б., 2004.
2. ”Манас” энциклопедиясы. 1-2-том. -Б., 1995.
3. Жакыпбек А. Теңири Манас. -Б.: Кыргызстан, 1995.
4. Манас: Эпос / С.Орозбак уулунун варианты боюнча. -Ф.: Кыргызстан, 1979.